**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы Д 12.24.695 диссертациялык кеңештин 12.00.01 — укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгаруу боюнча отурумунда**

# АЛДЫН АЛА КОРГОО ПРОТОКОЛУ№5

«28» сентябрь 2024-жыл Бишкек ш.

**Төрайымдык кылуучу:** юридика илимдеринин доктору, доцент **Жумабекова Турдукан Абдыкарыевна.**

Күн тартибинде: Чонатаева Мээримай Салижановнанын «Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу» темасындагы диссертациясын алдын ала коргоо каралат.

12.00.01 — укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча. Диссертациялык кеңештин 13 мүчөсүнүн ичинен 9 илимдин доктору бар. Алардын ичинен каралып жаткан диссертациянын профили боюнча 6 илимдин доктору, 4 жүйөлүү себептер менен келбей калгандар, 4 илимдин доктору онлайн режимде катышууда.

Күн тартиби боюнча кандай пикирлер болот?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Макул!

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:**
Каршылык жок. Күн тартиби бекитилди. Отурумга келүү баракчасына ылайык диссертациялык кеңештин төмөнкү мүчөлөрү катышууда:

**1. Кулдышева Гулсара Кенжеевна** (төрайым) – юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы; 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук;

**2. Жылкичиева Кундуз Сапарбековна** (окумуштуу катчы) – юридика илимдеринин доктору, адистиги: 12.00.01-укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы; 12.00.03 - жарандык укук; бизнес мыйзамы; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук, жарандык процесс;

**3. Жумабекова Турдукан Абдыкарыевна -** юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы;

**4. Мурзабекова Жыпар Таавалдиевна -** юридика илимдеринин доктору, доцент; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет тууралуу илимдердин тарыхы; 12.00.03 –

жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук, жарандык процесс (эмгектеринин жыйындысы боюнча);
**5. Мурзаибраимов Нурбек Бектемирович** - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет тууралуу илимдердин тарыхы; 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук (эмгектеринин жыйындысы боюнча);
**6. Ниязова Анара Натуевна** - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук, жарандык процесс;
**7. Мухамеджанов Эдуард Булатович** - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук;
**8. Самарходжаев Батыр Биляловович** - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук, жарандык процесс;
**9.Чикеева Зура Чимырбаевна** - юридика илимдеринин доктору; доцент; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы: укук жана мамлекет тууралуу илимдердин тарыхы.

Катышуу баракчасына ылайык жыйынга ошондой эле: Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин өкүлдөрү чакырылган: ю.и.д. Адилов А.Н., ю.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУнин доценти Нуриев Д.Ш., ю.и.к., КР УИАнын МУИ кызматкери Алтыбаева А.Т., ОшМУ окуутучусу Оморова Г., ОшМУ окуутучусу Аликулов Б.А., саясий и.к., КР УИАнын МУИ кызматкери Сыдыкбаев Ч.М., КР УИАнын МУИ окумуштуу катчысы Мукамбетова Н.К., КР УИАнын МУИ кызматкери Уланбек кызы Карлыгач.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Сөз ю.и.д., Жылкичиева К.С., окумуштуу катчыга изденүүчүнүн өздүк иши боюнча берилет.

**Окумуштуу катчы ю.и.д., Жылкичиева К.С.:** Чонатаева Мээримай Салижановнанын аттестациялык ишинин бардык документтери Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына толук жооп берет жана ылайыктуу түрдө туура түзүлгөн.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Изденүүчүнүн өздүк иши боюнча илимий катчыга кандай суроолор бар? Суроолор жок.
Коргоо үчүн сунушталган диссертациянын негизги жоболорун жарыялоо үчүн сөз изденүүчү Чонатаева Мээримай Салижановнага берилет.

**Изденүүчү Чонатаева М.С.:** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жүргүзүлүп жаткан реформаларга байланыштуу эмгек укуктун чектериндеги өндүрүштүк жана социалдык функциялардын өз ара байланышын жана алардын өзгөчө маанилерин изилдөө проблемалары жаралууда. Жумуш берүүчүлөрдүн өз кызматкерлеринин үй-бүлөлүк

шарттарына жетишерлик деңгээлде көңүл бөлбөгөнүнөн улам алардын көп учурларда жумушка чыкпай калуусу, ал тургай, кадрлардын бат-бат жумуштан чыгып кетүүгө аргасыз болуусу, жаңыдан алынган кызматкерлерди жумушка үйрөтүүгө кеткен ашыкча чыгым жана убакыт проблемалары пайда болууда. Өндүрүштү өнүктүрүүгө кызыгдар болгон ар бир мамлекет аялдардын эмгегин укуктук жактан жөнгө салууга умутулууга тийиш. Ошентсе да, аялдардын эмгекке болгон укуктары эркектерге салыштырмалуу бир топ кечирээк мыйзамдык негиздерде бекитилген. Чынын алганда, эмгек, өндүрүшкө байланышкан эң алгачкы мыйзамдарда эркектер менен аялдардын эмгекке болгон укуктук тартиптери жетишерлик деңгээлде так ажыратылып аныкталган эмес десек да болот. Аялдардын жыныстык өзгөчөлүгү боюнча дискриминациялануусун жумушка орношуусунда же кызматы боюнча жогорулоосунда байкоого болот. Сакталып келе жаткан гендердик сегрегация жана олуттуу гендердик айырмачылыктар да аялдарга бир топ ыңгайсыздыктарды жаратып келе жатат. Аялдардын кол күчүн, болгондо да физикалык күчтү талап кылган жумуштарга тартылбоосу өзүнөн өзү белгилүү. Ошондой эле ыкчам (оперативдүү) аракеттерди талап кылган күч структураларына да аялдардын иштебегени максатка ылайыктуу. Жалпыга белгилүү болгондой, ар кандай шарт-жагдайларга байланыштуу оперативдик топторго жигиттер кызматка алынып, күнү болобу, түнү болобу укук тартиптери бузулган жерлерге алар дароо жетип барышат. Аскердик күчтөрдө да дал ушундай эле көрүнүш, бирок мындай чоң жоопкерчиликти жана түйшүктү талап кылган, өмүр, ден соолук үчүн кооптуу кызматтарга аялдардын алынбоосун алардын укуктарынын дискриминациялануусу деп түшүнбөөгө тийишпиз. Албетте, аялдардын кызматтык спецификасы алардын организминин физиологиялык факторлоруна, бала төрөө артыкчылыктарына (муну дал артыкчылык дегибиз келет), натыйжада, аларды багуу жана тарбиялоо милдеттерине байланыштуу. Үй-бүлөлүү аялдардын эмгегин жөнгө салуу өзгөчөлүктөрүнө арналган Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 24-бөлүмүндө «Аялдардын жана үй-бүлөлүк милдеттери бар адамдардын эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү» кош бойлуу аялдарга төрөгөнгө чейин жана андан кийин бала багуу үчүн кезексиз декреттик өргүүнүн берилүүсүнө, бул мезгилдерде алардын жумуш ордунун сакталуусуна өзгөчө басым жасалган. Жыйынтыктап айтканда, биз тандап алган диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укуктук жактан иретке келтирүүнүн проблемаларына комплекстүү түрдө теориялык-практикалык анализ жүргүзүүнүн объективдүү зарылчылыктары менен шартталган. Аял-кызматкерлер менен жумуш берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын адилеттүү түрдө балансташтырууну издөө жана ошондой эле аялдардын эмгек акысында эч кандай адилетсиздиктин, аларга карата кандайдыр үстүртөдөн басынтуунун, дискриминациялык аракеттердин пайда болуусуна жол бербөө максаттарында жүргүзүлүүчү иштер дагы эле болсо алдыда арбын. Жаш кыз-келиндерге жетекчи кызматтагы эркектер тарабынан алардын каалоо-сезимдерине каршы тийиштик кылуу проблемалары да

дайыма курч маселе катары каралып келүүдө. Коргоого чыгарылуучу негизги жоболор.

1. Аялдардын эмгекке болгон укуктарынын өзгөчөлүктөрү алардын эмгек мамилелериндеги өзгөчө укуктук статусуна байланыштуу. Эмгек мамилелериндеги аялдардын укуктук абалынын өзгөчөлүгү алардын эмгектеги укуктук субъектилигин чектелген мүнөзү жана эмгек укуктарын ишке ашыруу процессинде өзгөчө спецификалык укуктук кепилдиктердин болушу менен айырмаланат.

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 93-беренесине айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен ага төмөнкүдөй мазмунда кошумча абзацты киргизүү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз: «Бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн аялдар, баласы бир жарым жашка чыкканга чейин, толук эмес жумуш убактысында иштеген учурларда, анын узактыгы эмгек келишиминин тараптарынын макулдашуусу боюнча белгиленет. Баланы багуу боюнча мамлекеттик жөлөкпулду төлөө аялдын толук эмес жумуш убактысында иштеген убактысына карабастан жүргүзүлөт».

3. 1993-жылдын 16-августундагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №380 Токтому менен бекитилген аялдардын убактылуу эмгекке жарамдуулугун жоготкондугу боюнча көрсөтмөнүн 17-пунктуна төмөнкүдөй мазмундагы кошумча абзацты киргизүү керек деген ойдобуз: «Башка аялга (суррогаттык энеге) алардын ортосундагы макулдашууга ылайык эмбрионун имплантациялоого макулдугун берген аялга бала төрөлгөндөн кийин 70 календардык күн (эки же андан көп бала төрөлсө 110 календардык күн) акы төлөнүү менен эмгекке жарамсыздык уруксат кагазы берилет.

4. Эмгек мыйзамдарынын ченемдерин талдоо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине 59-статьянын 4-пунктуна төмөнкүдөй мазмундагы толуктоолорду киргизүү боюнча сунушту иштеп чыгууга мүмкүндүк берди: «Аялдардын кош бойлуу же балалуу экендигине байланыштуу себептерден улам алар менен эмгек келишимин түзүүдөн баш тартууга тыюу салынат», бул менен аялдарга эмгек келишимин түзүүдө кепилдиктер орнотулат.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аялдарды эч себепсиз жумушка алуудан баш тартууда же кош бойлуу аялдарды олуттуу себепсиз жумуштан бошотууда жумуш берүүчүлөрдө кылмыштын белгиси каралбагандыгына байланыштуу мындай учурларда кээде жумуш берүүчүлөр өзүм билемдикке да барып коюшат. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза кодексинин 27-главасына төмөнкүчө жаңы беренени киргизүүнү сунуш кылабыз: «Боюнда бар аялдарды себепсиз жумушка алуудан баш тартуу же аларды негизсиз жумуштан бошотуу» бул мыйзамды бузуу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин белгилөө.

6. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 358-беренесинде каралган ченем «Үйдө иштөө үчүн эмгек келишимин түзгөн адамдар үйдө иштөөчү болуп саналат...» «үй» түшүнүгүн аныктабайт. Биз бул беренени үйдө жумуш кылгандар деп эмес «атайын эмгек келишиминин негизинде жашаган

жеринде жумуш кылгандар» деп өзгөртүүнү сунуш кылабыз.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 358-беренесинин редакциясын өзгөртүүнү сунуштайбыз «Жашаган жери боюнча ишти аткаруу үчүн эмгек келишимин түзгөн адамдар үйдө иштөөчү деп таанылат….».

7. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 304-беренесинде 3 жашка чейинки балдары бар аялдар үчүн белгилүү бир шарттарды эске алуу менен ашыкча жана түнкү жумуштарга жол берген, ошол редакциясын өзгөртүүнү сунуштайбыз. Бала бир жарым жашка чыкканга чейин эмгектин мындай түрлөрүнө тыюу салууну белгилөө зарыл, ал эми өзгөчө режимде иштөө мүмкүнчүлүгү аялга анын макулдугу менен жана ден соолугуна зыян келтирбестен баланы жашы бир жарымга жеткенден кийин гана берилиши мүмкүн.

Мындай тыюу салуу бала үчүн негизги жоопкерчиликти өзүнө алган жана аны үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө өткөрүп бербеши керек болгон эне тарабынан балага тийиштүү кам көрүү жана камкордук көрүүнү камсыз кылат.

8. Кош бойлуу аялдарга Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 306-беренесинде белгиленген орточо эмгек акысын сактоо менен өндүрүштүн ченемдерин, тейлөө стандарттарын төмөндөтүү, башка ишке которуу боюнча кепилдиктерде аялдарды башка ишке которуунун мөөнөтүн үч жылга чейин көбөйтүү зарыл. Үч жашка чейинки баласы бар аялды мурунку иштеген жеринде орточо эмгек акысын сактоо менен анын өтүнүчү боюнча башка ишке которууну иш берүүчүнүн милдеттенмеси катары камсыз кылуу.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Урматтуу кесиптештер, диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболорун угуп, аны талкуулоого киришсек болот, суроолор болсо берүүңүздөрдү өтүнөмүн.

**ю.и.д., доцент Мурзаибраимов Н.Б.:** 1. Сиздин диссертациялык тарабынан Кыргыз Республикасында эмгекке укукту ишке ашыруунун гендердик аспектисинин кандай көйгөйлөрү ачылды жана бул көйгөйлөрдү чечүүнүн кандай жолдору сунушталды? 2. Аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ички жана эл аралык мыйзамдардын салыштырма укуктук аспектиси жөнүндө айтсак, эл аралык укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүгү эмнеде?

**Изденүүчү Чонатаева М.С.:** Аялдардын эмгекке болгон укуктарынын өзгөчөлүктөрү алардын эмгек мамилелериндеги өзгөчө укуктук статусуна байланыштуу. Эмгек мамилелериндеги аялдардын укуктук абалынын өзгөчөлүгү алардын эмгектеги укуктук субъектилигин чектелген мүнөзү жана эмгек укуктарын ишке ашыруу процессинде өзгөчө спецификалык укуктук кепилдиктердин болушу менен айырмаланат. Гендердик теңдик маселелери улуттук эмгек кодексинин, ага байланышкан мыйзамдык актылардын негизин түзүп турат. Аялдар менен эркектердин бардык тармактар жана багыттар боюнча тең укуктуулуулугун камсыздоо азыркы коомдун ааламдашуу жана санариптештирүү мезгилиндеги демократиялык коомдун эң эле негизги принциптерининин бири болуп эсептелет.

Кыргызс Республикасында аялдардын социалдык кепилдик маселелерине да чоң көңүл бурулган. Мисалы, Кыргыз Республикасынын

Конституциясынын 44-беренесинде аялдардын эркектер менен бирдей деңгээлде карылыгына (пенсияга чыккандыгына), оорусуна, майыптыгына, эмгекке болгон жөндөмүн жоготкондугуна, багуучусунан айрылгандыгына ж.б.у.с. байланыштуу мамлекеттик колдоого алынары тууралуу баса белгиленген. Ал тургай, аялдарга эркектерге салыштырмалуу мамлекеттик камсыздоо, колдоо көрсөтүү жогорураак десек жаңылышпаган болор элек.

Жыйынтыктап айтканда, толук гендердик теңдикти камсыз кылуу үчүн республиканын экономикасын көтөрүү, шаарларда гана эмес жер-жерлерде аялдардын жумуш ордун камсыз кылуу зарыл.

2. Эл аралык укуктук актыларда эмгекке болгон укук биринчи жолу Адам Укугунун Жалпы Декларациясында (1948г.) жарыяланган. Декларация эмгекке болгон укукту жарыялоо менен аны кесип тандоодогу, кесиптик билим алуудагы эркиндик менен тыгыз байланыштырат (23-берене), 1966-жылы экономикалык, социалдык жана маданий укуктардын эл аралык пактысы, 1996-жылы Европа социалдык хартиясы кабыл алынган. Европалык хартиянын Кыргыз Республикасы үчүн таасири аз болуусу мүмкүн, бирок да республика, жалпы Орто Азия Республикалары, КМШ, ШКУ жана түрк мамлекеттери үчүн мындай эл аралык уюмдардын алдынкы тажырыйбаларынан үйрөнүү мезгил талабы. Аялдардын эмгекке болгон укугун коргоо алуу Эмгекти Эл Аралык Уюштуруу уюму тарабынан ал түзүлгөн күндөн баштап эле колго алына баштаган. Мисалы, ушул эле уюмдун 1919-жылдын 29-октябрындагы №4 сунуштамасында жашы 18ге жете эле өспүрүмдөрдү жана боюнда бар аялдарды ден соолукка зыяндуу же кооптуу жумуштарга тартууга тыюу салуу жагы бекем каралган.

Жогорудагы документтерден даана байкалгандай, аялдардын жана жаш балдардын эмгекке болгон укуктарын коргоого алуу, гендердик дискриминацияга жол бербөө кайсыл бир мамлекеттин жекече иши эмес, алардын баары эл аралык маанидеги негизги маселелерден.

Эркек менен аялдарга карата социалдык-маданий салттарды (алардын ичинде эмгекке байланышкан салттык түшүнүктөр) басып өтүүнү биздин коомдун мүчөлөрүнүн басымдуу көпчүлүгү тааныганы менен жаңы императивдерди толугу менен кабыл алуу оңойго турбай жатат.

**ю.и.д., профессор Самарходжаев Б.Б.:** С вашего позволения задам на русском языке свой вопрос. В кыргызской Республике достаточно большое количество работ на стыке двух наук, в вашей диссертационной работе практические рекомендации по шифру 12.00.05, может быть есть необходимость сделать исследование на стыке двух наук? Это 12.00.01 и 12.00.05?

**Диссертант Чонатаева М.С.:** Спасибо за вопрос Баатыр Билялович, касательно вашего вопроса мы в нашем диссертационном исследовании рассмотрели вопрос правового регулирования женского труда в Кыргызской Республике, с позиции специальности 12.00.01, а именно в работе исследованы такие вопросы как: раскрытие проблем гендерного аспекта реализации права на труд в Кыргызской Республики; анализ законодательства

Кыргызской Республики, регулирующее правовые основы женского труда в КР; исследование и анализ международно-правовое регулирование женского труда; исследование особенностей трудоустройства женщин и лиц с семейными обязанностями в Кыргызской Республики; анализ специфики условий труда женщин по законодательству Кыргызской Республики; вопросы охраны труда женщин в Кыргызской Республики; анализ механизмов защиты женщин в сфере труда и определить пути его совершенствования. Кроме этого, научная новизна диссертационной работы заключается в том, что представляет собой первое в отечественной науке теоретико-правовое исследование отдельных институтов трудового права, регулирующих права женщин, а также разработка на этой основе ряда практических рекомендаций по совершенствованию законодательства Кыргызской Республики в рассматриваемой сфере.

**ю.и.д., профессор Ниязова А.Н.:** Вопрос Баатыр Биляловича очень закономерен, у меня комментарий. Говоря о правовом регулировании женского труда важно отметить домашний труд. На сегодняшний день 13% ВВП всего мира это женский труд. Прошу вас отразить в диссертации объем неоплачеваемого труда женщин. В отчете “Пекин +10” есть статистика, включите в материалы исследования. Также рекомендуется отразить Положение о персональном ассистенте.

**Диссертант Чонатаева М.С.:** Спасибо за комментарий Анара Натуевна, хотелось бы отметить, что в настоящее время, помимо традиционного надомного труда, возникли новые формы надомничества в области информационных технологий: программисты, дизайнеры, журналисты, переводчики, и т.д. Особенностью является то, что такой вид труда определяется сторонами свободно, виды и режим выполнения работ не ограничиваются законодательством. В настоящее время отмечается тенденция заключать гражданско-правовые договоры с лицами, работающими на дому, чтобы избежать необходимости обеспечивать их социальными льготами и другими преимуществами трудовых отношений из-за нацеленности на краткосрочное. Основа женского предпринимательства была заложена в Национальной программе развития Кыргызстана до 2026 года - в среднесрочной стратегии развития страны. В этой программе отмечена отдельная роль наших женщин, определены задачи перед кабинетом министров по поддержке и развитию женского предпринимательства. Если говорить по финансовому обеспечению, то по кредитному портфелю на 2023 год 49% всех кредитов получили женщины. Вместе с тем, ваши рекомендации будут учтены.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Сиздин талдооңуздун негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аялдардын эмгек шарттарынын өзгөчөлүктөрү кандай? Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин коргоо боюнча кандай көйгөйлөрдү аныктадыңыз?

**Изденүүчү Чонатаева М.С.:** 1. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 358-беренесине ылайык үйдө жумуш аткаруучулар деп буйрутма берүүчүлөр

же чакан ишкана ачуучулар менен эмгек келишимин түзгөндөр аталат. Алар жумуш берүүчүлөрдүн жабдууларын, материалдарын жана чийки заттарын пайдаланат же болбосо аларды өздөрү сатып алышат. Эмгек акы да кызматкерлер үчүн аларга байланыштуу төлөнөт. Үйдө жумуш аткаруучулар бир артыкчылык – товарды кимге жана кайда сатам деп ойлонуп отурбайт жана алардын баары жумуш берүүчүлөрдүн өздөрүнүн проблемасы. Айрым учурларда жасалган нерсе товардык деңгээлге чыкпай сатылууга жатпашы да мүмкүн, мында жумуш берүүчүлөр ишти андан ары өздөрү улантып кетишет. Азыркы учурда салттуу үйдө жумуш аткаруучулардан тышкары анын заманбап, жаңы түрлөрү улам көбүрөөк пайда болууда. Жогорку квалификациялуу адистер үйдөн чыкпай жумуш аткара башташты, мисалы, маалымат технологиясынын адистери, программисты, дизайнерлер, котормочулар, журналисттер ж.б.у.с. Бири-бирине акча которуу, жумуш боюнча буйрутма берүү азыр эч кандай маселе эмес, мындай жумуш кылгандардын электрондук даректери, электрондук капчыктары бар. Уюлдук телефон менен деле буйрутма жана акча алууга боло берет. Жумуш берүүчү менен кызматкер бири-бирин көрбөй жана тааныбай туруп деле ишти бүтүрө беришет. Үйдө жумуш аткаруучулар менен түзүлүүчү эмгек келишими демейки эмгек келишиминен кескин айырмаланат. Ал маани-маңызы боюнча жарандык укуктук келишимге да (ижара келишими, акысыз жардам көрсөтүү келишими ж.б.) окшоп кетет. Үйдө жумуш аткаруучулар менен түзүлүүчү эмгек келишиминде ички эмгек тартиби жана аны сактоо сыяктуулар көрсөтүлбөйт. Кызматкер өзүнүн жумуш күнүнүн башталышын жана аяташын, дем алууну, кандай тартипте эмгектенүү жолдорун өзү тандап алат.
2. Эмгекти коргоого алуунун ченемдик аныктамасы кеңири маанисинде алганда жарандардын жумуш маалындагы өмүрүн жана ден соолугун жана ошондой эле алардын социалдык-экономикалык, уюштуруучу-техникалык, санитардык-гигиеналык, дарылоо-профилактикалык жана башка укуктарын коргоо болуп эсептелет. Бул аныктама Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексининин 209-беренеси жана 2003-жылдын 1-августундагы КРнын № 167 «Эмгекти коргоо жөнүндөгү» мыйзамы менен бекитилген. Аялдардын тең укуктуулугун камсыз кылуу, айрыкча, эмгектеги теңдиги, бирдей эмгеги үчүн эркектер менен теңдеш айлык акыны уюштуруу менен гана аялдар маселеси толугу менен чечилип калбайт. Аларга кошумча жеңилдиктерди, шарттарды жана укуктарды уюштуруу зарыл. Ушул себептүү да 1977-жылдагы СССРдин Конституциясынын 35-беренесинде аялдардын эмгеги менен энелик милдетин биргеликте ала кетүүсүнө, алардын бири-бирине жолтоолук жаратпоосуна, энелерге жана балдарга материалдык, моралдык колдоо көрсөтүүгө, балалуу болгон эненин үч жыл ичи эмгек ордунун сакталуусуна, бала төрөлгөнгө чейин жана төрөлгөндөн кийин да энеге декреттик жана декреттен кийинки айлык акынын төлөнүүсүнө өзгөчө басым жасалган.
**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Дагы суроолор болобу? Эгерде суроолор жок болсо, анда сөз изденүүчүнүн илимий жетекчиси, юридика илимдеринин доктору, профессор Г.К. Кулдышевага берилет.

**ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык эмгекти уюштуруу уюмунун (МОТ) ишмердүүлүгүндө дагы иштеген аялдардын көйгөйлөрү глобалдык маселелердин курамдык бир бөлүгү экендигине мисал болот. Аялдар маселеси үй-бүлөгө гана эмес жалпы коомго, тарбияга тиешелүү маселе жана ал мамлекеттин ички саясатын иштеп чыгууда жана аны турмушка ашырууда дыкат эске алынууга тийиш.

Буга байланыштуу бардык мамлекеттерде эркектер менен аялдардын окшош эмгектерине бирдей акы төлөө, алардын алсыздыгынан жана назиктигинен пайдаланбоо, жалпы эле аялдарга карата зордук-зомбулук жана дискриминацияны түп тамырынан жок кылуу боюнча мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулуусу зарыл.

Диссертациялык изилдөөдө камтылган маселелер теориялык-укуктук багытта жетишээрлик изилденилген эмес. Ошондуктан аялдарды жумушка алуу, жумуштан четтетүү, жумуш мезгилинде аларга ар түрдүү себептер боюнча убактылуу иштен бошонуп туруу боюнча уруксат берүү, аялдар үчүн ыңгайлуу болгон мезгилдерде аларга эмгек өргүүсүн берүү (трудовой отпуск) жана ошондой эле алардын үй-бүлөлүк милдеттерин аткаруусуна жолтоолук жаратпоо боюнча эмгекке болгон укуктук нормаларды жогорку деңгээлде иштеп чыгуу мамлекеттин ишмердүүлүгүндөгү башкы милдеттерден болуп саналат.

Диссертант Чонатаева Мээримай тарабынан сунушталган диссертациялык изилдөөнүн предмети болуп Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуучу мыйзамдык нормалардын мазмунун анализдөө.

Диссертациялык изилдъън\н илимий жаёылыгы ата мекендик укук илиминде Кыргыз Республикасынын эмгек укугунун бир катар ченемдерин аялдардын эмгегине карата эмгек укугунун жеке институттарынын мисалында биринчи жолу теориялык-укуктук жактан изилдөө болуп саналат.

Диссертациялык изилдөөдө укуктук өңүттөгү теориялык жана практикалык маселелер айкалыштырыла каралган. Ар кандай укук нормалары мыйзамдарда каралганы менен иш жүзүндө максатына жетпесе пайдасыз буюм сыяктуу ордунан жылбай кала берет. Диссертацияда аялдардын эмгегине жана эмгекке болгон укуктарына тиешелүү мыйзамдардын турмушка ашырылуусунун механизмдерин иштеп чыгууга аракет жасалды.

Аялдардын эмгек укуктарынын сакталуусу боюнча чет өлкөлүк алдынкы тажрыйбалар анализге алынган жана алардын Кыргызстандын шарттарына туура келе турган жагдайлары аныкталган.

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жоболору аялдардын эмгегине байланышкан мыйзамдарды кайрадан карап чыгуу, аларга айрым толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү, мыйзам чыгаруу органдары тарабынан колдонулууга ээ болуусун сунуштоо. Ошондой эле, айрым сунуш-пикирлер жана көз караштар юриспруденция багытындагы мамлекеттин жана укуктук тарыхы, эмгек укугу курсунда, аялдардын эмгек укугу боюнча атайын курстарда окутуучулар жана студенттер тарабынан пайдаланууга сунушталат.

Жыйынтыктап айтканда, бул диссертациялык изилдөөнү өз алдынча аякталган илимий эмгек катары баалап, ачык коргоого татыктуу деп

эсептеймин. Чонатаева Мээримай Салижановнанын “Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу” аттуу темада жазылган диссертациялык изилдъъс\ Кыргыз Республикасынын Улуттук Аттестациялык Комиссиясынын диссертациялык эмгектерге койгон талаптарына толугу менен жооп берет жана 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Кеңештин ишин уланталы. Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, илимий кеңешчиге суроолор барбы? Эгерде суроолор жок болсо, анда сөздү эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө берели.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Анда эмесе сөз, эксперттик комиссиянын мүчөсүнун эксперттик корутундусуну менен тааныштырууга соз, юридика илимдеринин доктору, окумуштуу катчыга Жылкичиева К.С., берилет

**Окумуштуу катчы ю.и.д., Жылкичиева К.С.:** Урматтуу, Төрайым, урматтуу диссертациялык кенешинин мүчөлөрү! Сиздерди диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн ю.и.д., доцент Мурзабекова Ж.Т., корутундусу менен тааныштырып кетүүго уруксат бериниздер.

Гендердик теңчилик, гендердик басмырлоого жол бербөө алар демократиянын негизги түзүүчү элементтери, ошондуктан аларга жетишүү бардык өлкөлөрдө артыкчылыктуу саясий жана социалдык милдеттердин бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасы эл аралык деңгээлде кабыл алынган эмгек чөйрөсүндөгү актыларды жетекчиликке алуу менен жана аларда айтылган идеяларды Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемдөө менен бул тармактагы улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү үчүн укуктук негиздерди түзөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарыяланган нукура гендердик теңчиликти камсыз кылуу үчүн аялдар үчүн эмгекке болгон укукту жүзөгө ашырууда бирдей мүмкүнчүлүктөрдү бере турган шарттарды түзүү зарыл. Мисалы, билим алууга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, энеликти жана наристеликти коргоо, жумуш ордунда сексуалдык асылууларга жол бербөө, ошондой эле зомбулуктун ар кандай түрлөрү, коопсуз жана татыктуу эмгек шарттарын камсыз кылуу ж.б. аялдардын эмгекке болгон укугун ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү алардын эмгектик укуктук мамилелердеги өзгөчө укуктук статусу менен байланыштуу. Аялдардын эмгектик укук мамилелериндеги укуктук статусунун өзгөчөлүгү анын эмгектик укук субъективдүүлүгүнүн чектелүүлүгү жана эмгектик укуктарды ишке ашыруу процессинде өзгөчө спецификалык укуктук кепилдиктердин болушу менен айырмаланат. Азыркы учурда Кыргыз Республикасы гендердик теңчилик боюнча өнүккөн улуттук мыйзамдарды түзө алды, ал өзүнө жашоо-турмуштун тигил же бул чөйрөсүндө гендердик теңчилик жана басмырлоодон коргоо жөнүндө жоболорду камтыган адистештирилген, ошондой эле жалпы мыйзамдарды камтыйт.

Диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу толугу менен негизделген жана аргументтелген.

Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси биринчи кезекте диссертациянын материалдары тармактык юридикалык илим үчүн практикалык зор мааниге ээ.

Диссертациянын теориялык жоболору жана тыянактары Кыргыз Республикасынын саясий илиминин тиешелүү аспектилери боюнча эмгектерди жаратууда, жогорку окуу жайларында саясат таануу сабактарын өтүүдө да колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык изилдөө теориялык жоболору аялдардын эмгегине байланышкан мыйзамдарды кайрадан карап чыгууда, аларга айрым толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүүдө мыйзам чыгаруу органдары тарабынан колдонулууга ээ боло алат деген ишеничтебиз. Ошондой эле, айрым сунуш-пикирлерибиз жана көз караштарыбыз юридика факультеттеринин «эмгек укугу» курсунда, аялдардын эмгекке болгон укугу боюнча атайын курстарда окутуучулар жана студенттер тарабынан пайдаланылат.

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет. Автореферат кыргыз жана орус тилдерине которулган.

Эскертүү: маселелери жетиштүү деңгээлде каралган эмес деп эсептейбиз. Кыргыз Республикасында эмгек чөйрөсүндө аялдарды коргоо механизмдерин тереңирээк талдоо жана негиздөө жана аны өркүндөтүү ишти практикалык жана теориялык жактан байытмак.

Сунуштар: теориялык-укуктук негиздери жөнүндө саясий жана укуктук доктриналарды иштеп чыгуу маселеси өзүнчө фокустук изилдөөлөрдүн предмети болууга тийиш.

**Төрагалык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Анда эмесе сөз, эксперттик комиссиянын мүчөсүнун эксперттик корутундусуну менен тааныштырууга соз, юридика илимдеринин доктору, окумуштуу катчыга Жылкичиева К.С., берилет

**Окумуштуу катчысы ю.и.д., Жылкичиева К.С.:** Урматтуу, Төрайым, урматтуу диссертациялык кенешинин мүчөлөрү! Сиздерди диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн ю.и.д., доцент Чикеева З.Ч. корутундусу менен тааныштырып кетууго уруксат бериниздер.

Тема представленного диссертационного исследования, безусловно, является актуальной и своевременной. Ряд нормативных правовых актов Кыргызской Республики, в том числе и трудовое законодательство, декларируют о равенстве прав и свобод мужчин и женщин, и недопустимости дискриминации, вместе с тем, формальное закрепление определенного объёма прав для женщин в законодательстве страны не означает, что они в действительности работают в пользу женщин. На самом деле, в действительности все еще имеет место дискриминация по признаку пола, в том числе и на уровне общественных правил. Женщины в своей трудовой деятельности наталкиваются на препятствия и ограничения в силу

возложенных на них репродуктивных функций, а также социальных ожиданий общества.

Дискриминацию по признаку пола можно наблюдать и при найме на работу и при продвижении по служебной карьере. Сохраняющаяся гендерная сегрегация и существующий серьезный гендерный разрыв в оплате труда так же является показателем неравных возможностей мужчин и женщин, несмотря на декларируемые равные права. Вместе с тем, все еще имеются перечень профессий, занятие которыми женщинам не допускается.

Несомненно, специфика женского пола заключается в таком физиологическом факторе их организма, как способность к деторождению, вследствие которой у них появляются определенные семейные обязанности. В гл. 24 Трудового кодекса Кыргызской Республики, посвященной особенностям регулирования труда женщин и лиц с семейными обязанностями, большое внимание уделяется гарантиям при предоставлении им отпуска по беременности и родам, по уходу за ребенком, а также при сохранении рабочего места на период таких отпусков. Несмотря на нормативное урегулирование данных вопросов Трудовым кодексом Кыргызской Республики, на практике возникает множество проблем, которые связаны с тем, что женщинам весьма сложно устроиться на работу в связи с установлением дополнительных требований к работодателю, который согласно действующему законодательству обязан предоставить им множество гарантий в случае рождения детей. Подобные ситуации тяжело разрешимы по причине отсутствия неотвратимости наказания работодателя в случае нарушения прав трудящихся женщин.

Таким образом, актуальность избранной темы обусловлена объективной необходимостью комплексного теоретического анализа проблем правового регулирования труда женщин в Кыргызской Республике в целях поиска разумного и справедливого баланса интересов женщин-работниц и работодателей, а также решения взаимосвязанных проблем в сфере регулирования труда женщин относительно равной оплаты их труда, ликвидации насилия и дискриминации на пути обеспечения гендерного равенства.

На основании вышеизложенного можно заключить, что научное исследование, предпринятое соискателем, представляется весьма актуальным и своевременным.

Рекомендуется дальнейшие научные изыскания по данной теме в направлении теоретических проблем правового регулирования женского труда в Кыргызской Республике.

Полученные соискателем Чонатаевой Мээримай Салижановной результаты характеризуются внутренним единством и наличием связей результатов в рамках исследуемой проблемы.

Сформулированные в диссертации научные положения, выводы и практические рекомендации основаны на достоверных источниках, анализе отечественного и зарубежного законодательства, а также правоприменительной практики.

Структура диссертационной работы соответствует логике научного исследования и определяется ее целями и задачами. Содержание глав характеризуется цельным внутренним единством. Изложение материала в диссертационной работе характеризуется логической последовательностью и завершенностью.

Диссертация содержит ряд новых научных результатов и положений, имеющих внутреннее единство, что свидетельствует о личном вкладе автора в юридическую науку. Предложенные новые способы решения существующих проблем достаточно аргументированы и критически оценены.

Электронный вариант диссертации, представленной в Диссертационный совет, соответствует рукописи диссертации. Член экспертной комиссии Диссертационного совета, рассмотрев представленные документы, рекомендует Диссертационному совету Д 12.24.695 при Институте государства и права Национальной академии наук Кыргызской Республики, Кыргызском национальном университете им.Ж.Баласагына и Ошском государственном университете, принять к защите диссертацию Чонатаевой Мээримай Салижановны на тему: «Правовое регулирование женского труда в Кыргызской Республике», представленной на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности: 12.00.01 – теория и история права и государства; история учений о праве и государстве.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Кеңештин ишин улантабыз. Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн корутундусу боюнча кандай суроолоруңуздар бар? Эгерде суроо жок болсо, сөздү диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, доцент Жумабековага Т.А. берилет.

**ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Урматтуу, Диссертациялык кенештин мучолору урматтуу диссертациялык кенештин мүчөлөрү! Диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсүнун корутундусу. Эмгек мамилелери чөйрөсүндөгү дискриминация – бул көп сандагы ар кандай көрүнүштөргө ээ болгон көп кырдуу көрүнүш. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында Конституциядан тарта жергиликтүү актыларга чейин ар кандай деңгээлдеги эмгек чөйрөсүндө басмырлоого тыюу салынганы баса белгиленген. Бирок практика көрсөткөндөй, дискриминациянын ар кандай формалары бар эле эмес, алар кеңири жайылган. Бирок, көптөгөн басылмалар, жумушчулардын көрсөтмөлөрү, ж.б. бул кеңири таралган көрүнүш деп айтууга негиз берет. Бул таралышынын бир нече себептери бар. Биринчиси, басмырлоо кырдаалында жарандардын жана жумушчулардын укуктары үчүн күрөштө тажрыйбанын жоктугу деп эсептесе болот. Анын үстүнө элдин, уюмдардын, мамлекеттин мындай тажрыйбасы жок. Экинчи себепти формалдуу эмес практиканын үстөмдүгү деп атоого болот. Мыйзамдарда жазылгандарды, атүгүл эң негизгиси да бийликти каалаган бийлик ээлери – президенттен баштап, жөнөкөй милиционерге чейин бузушу мүмкүн. Мыйзам бузуулардын мотивдери «убактылуу мамлекеттик максатка ылайыктуулуктан» жеке кызыкчылыкка чейин такыр башкача болушу мүмкүн. Дискриминациянын жайылышынын үчүнчү себеби көбүрөөк эмгек

мамилелерине байланыштуу. Биз эмгек дүйнөсүндөгү жумушчулардын ортосундагы бар болгон айырмачылыктарды оңдоо жөнүндө айтып жатабыз. Ошентип, эмгек мамилелери чөйрөсүндө алгылыктуу деп таанылган дифференциялоо критерийлери бар жана алгылыксыз деп таанылгандары бар, б.а. дискриминацияга алып келүүдө. Бул башкалардын алгылыктуу деп таанылган дискриминациялык айырмачылыктарды жашырууга мүмкүндүк берет. Ошентип, эмгек мамилелеринде дискриминация көйгөйү бар эле эмес, ал кеңири таралган жана анын көрүнүштөрү боюнча ар түрдүү. Бирок эң негизги маселе – коомдо дискриминация деген эмне, анын көрүнүштөрү жана кандайча, эң негизгиси анын зыяны эмнеде жана аны менен эмне үчүн күрөшүү керек деген так түшүнүктөр жок. Эмгекчилерде мындай ой жок, жумушчуларда жана эмгек мамилелеринин башка субъектилеринде бул чөйрөнүн нормалдуу иштешин камсыз кылууга чакырылган (өкмөттүн өкүлдөрү, соттор, укук коргоо органдарынын кызматкерлери). Корутунду: Экспертизага берилген диссертациялык изилдөө - бул укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы сыяктуу актуалдуу илимий багытты өнүктүрүүнүн жаңы концептуалдык көз карашын иштеп чыгуу болгон индивидуалдуу илимий жана квалификациялык эмгек; эмгек принципиалдуу жаңы натыйжаларды камтыйт, анын жыйынтыгы юридикалык илимдеги ири жетишкендик.
Диссертациялык кеңешинин эксперти, сунушталган документттерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 12.24.695 диссертациялык кеңешине 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча «Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу» аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган Чонатаева Мээримай Салижановнанын кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Кеңештин ишин улантабыз. Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөлөрүнүн Текшерүү актысы тиркелген, баштапкы документтер ишенимдүү жана жеткиликтүү негизгиде деген тыянак чыгарылган. Дагы суроолор барбы? Суроолор жок.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Анда эмесе уюштуруу маселесине өтөлү. Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиянын мүчөлөрү төмөнөкүлөрдү дайындоону сунуштайт:

**Жетектөөчү уюм катары**: ***Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясынын Мамлекеттик укуктук дисциплиналар кафедрасы***

**Расмий оппонент катары:**

**- биринчи расмий оппонент: Чикеева З.Ч.-** изилдөө көйгөйлөрүнө жакын болгон эмгектерге ээ болгон юридика илимдеринин доктору, доцент

(12.00.01):

**-экинчи расмий оппонент: Насбекова С.К.,** – изилдөө көйгөйлөрүнө жакын болгон эмгектерге ээ болгон, юридика илимдеринин доктору, профессор (12.00.01):

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Чоң рахмат! Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү добуш берип койунуздар. Жыйындын катышуучуларынын бардыгы **макул.**

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.: Чонатаева Мээримай Салижановнанын** 12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу» деген темадагы диссертациясы боюнча Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөлөрүнүн кортундусу жана Текшерүү актысынын корутундуларына ылайык, баштапкы документтер ишенимдүү жана жеткиликтүү негизгиде экендиги угулду.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Ишибизди андан ары уланталы. Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөлөрүнүн кортундусун жана текшкрүү протоколун бекитүүгө өтөлү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, Ош мамлекеттик университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.24.695 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

**1**. Чонатаева Мээримай Салижановнанын «Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу» деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын кортундусу **бекитилсин.**

**2**.12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча Чонатаева Мээримай Салижановнанын «Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу» деген темадагы кандидаттык диссертациясы **коргоого алынсын.**

**3.** Жетектөөчү уюм катары: Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясынын Мамлекеттик укуктук дисциплиналар кафедрасы бекитилсин.

Расмий оппонент катары:

- биринчи расмий оппонент: **Чикеева З.Ч.-** изилдөө көйгөйлөрүнө жакын болгон эмгектерге ээ болгон юридика илимдеринин доктору, доцент (12.00.01) бекитилсин.

-экинчи расмий оппонент: **Насбекова С.К.–** изилдөө көйгөйлөрүнө жакын болгон эмгектерге ээ болгон, юридика илимдеринин доктору, профессор (12.00.01) бекитилсин.

**Д 12.24.695 Диссертациялык**
**кеңештин төрайымы:**
**юридика илимдеринин доктору,**
**профессор** **К.Г.Кулдышева**

**Д 12.24.695 Диссертациялык**
**кеңештин Окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин доктору** **К.С.Жылкичиева**